**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбековдун Түрк кеңешинин Видео-конференциясында сүйлөгөн сөзү**
(2020-жылдын 10-апрели)

**Урматтуу кесиптештер,**

Сиздер менен көрүшүп турганыма ыраазымын.

Дүйнө жүзү азыркы илдет менен күрөшүүдө ийгиликке жетишип, кадимки турмуш ыргагына кайтып келүүсүн жана мамлекеттерибизге өнүгүп-өсүүнү каалайм.

Азербайжан Республикасынын Президенти, урматтуу Ильхам Гейдарович Алиевге Түрк кеңешинин жолугушуусун өткөрүү демилгесин көтөрүп, уюштурганы үчүн **терең ыраазылык билдирем**.

**Урматтуу кесиптештер,**

Учурдун эң көйгөйлүү маселеси - дүйнөгө жайылып жаткан коронавирус инфекциясы.

Дүйнөлүк коомчулук менен бирге, Кыргыз Республикасы дагы коронавируска каршы күрөшүүдө орчундуу сыноого туш келди.

Тилекке каршы, биздин өлкөбүздө да, бул илдетти жуктурган адамдардын саны өсүүдө.

Вирустун жайылышын алдын алуу жана экономикага колдоо көрсөтүү боюнча бардык иштер жасалууда.

Кырдаал толук бойдон көзөмөлдө турат.

Учурдан пайдаланып Түрк кеңешинин мүчө-мамлекеттерине – **Өзбекстандын, Казакстандын, Азербайжандын, Түркиянын жетекчилигине** көрсөткөн жардамы үчүн ыраазылык билдирем.

**Урматтуу боордоштор,**

Коронавирустун дүйнө жүзүнө жайылышы жана бул кырдаалдын созулушу – көп тобокелдиктерди жаратууда.

Башка өлкөлөр менен катар, түрк тилдүү мамлекеттерге да илдеттин залакасы тийип жатат.

Бүгүн **социалдык, соода-экономикалык жана миграциялык багыттагы** көп көйгөйлөргө дуушар болдук.

Биздин өлкөлөрдө илдеттин мындан ары жайылышын токтотуу үчүн - чогуу жасай турган иш-аракеттер зарыл болууда.

Ушул оор мезгилде бирге иш алып барып, тыгыз кызматташуубуз - абдан маанилүү.

Кыргыз элинде **"чогуу көтөргөн жүк - жеңил"** деген сөз бар.

Түрк кеңешинин мүчө мамлекеттеринин башчылары - бири-бирибизге жардам көрсөтүп, биргелешкен иш-аракетибиз менен бул илдеттен арылууну тездете алабыз деп ишенем.

Ошондуктан, биргелешип жасаган аракет – ар бир мамлекет үчүн пайдалуу болот деген ишеним менен **төмөнкү сунуштарды киргизем**.

**Биринчи,** Чек аралардын жабылышы - элди жана дарыгерлерди медициналык коргонуучу каражаттар менен камсыздоого өз залакасын тийгизди.

Калкты негизги күнүмдүк зарыл товарлар менен үзгүлтүксүз камсыз кылууга терс таасирин тийгизип жатат.

**Чек арадагы чектөөлөр** мамлекеттин социалдык милдеттенмелерин өз убагында аткаруу үчүн кыйынчылыктарды жаратууда.

Болжол менен биздин бюджеттин киреше бөлүгү бул илдеттин кесепеттеринен **20 пайызга** азайышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу, гуманитардык жүктөрдү жеткирүүдө, калкты күнүмдүк зарыл товарлар, дары-дармектер жана медициналык

жабдыктар менен камсыз кылууда чек араларда **тоскоолдуктарды азайтууну** сунуштайм.

Азык-түлүк коопсуздугуна кирген товарлардын тизмеси менен алмашып, анын негизинде **Түрк кеңешинин товарларынын бирдиктүү реестрин** иштеп чыгуу зарыл.

**Жүк ташуучу транспорттордун** чек аралар аркылуу өтүүсү жана жаралган көйгөйлөр боюнча ыкчам маалыматтар менен алмашуу **алгоритмин бекитүү керек**.

**Экинчи,** уюмдун мүчө мамлекеттеринин арасында жогоруда аталган товарларды экспорттоодо **бааны төмөндөтүү**, аларды жеткирүүдөгү административдик жана бажылык алымдарды **жеңилдетүү механимздерин** иштеп чыгуу керектигин белгилейм.

**Үчүнчү,** Түрк кеңешинин катчылыгына **бирдиктүү онлайн платформа түзүү** тапшырмасын берүүнү туура деп эсептейм.

Бул платформанын алкагында ар кандай кооптуу ооруу менен күрөшүү максатында бирдиктүү дары-дармектердин виртуалдык базасын түзүү сунушталат.

Онлайн платформа биздин мамлекеттерден келген жарандарды текшерүүнү, илдетке чалдыккандарды жана алар менен байланышкан адамдарды өз убагында аныктоону тездетет.

Мамлекеттерибиздин ортосунда коронавируска каршы күрөшүү тажрыйбалары менен маалымат алмашуу жана чогуу аракеттенүү максатында саламаттыкты сактоо министрлеринин видео-конференциясын уюштурууга негиз болот.

**Төртүнчү**, азыркы күндө биздин **көптөгөн жарандар** коронавируска тиешелүү киргизилген чектөөлөрдөн улам өз мекендерине кайта албай башка өлкөлөрдө калууда.

Уюмга мүчө мамлекеттерде эмгектенип жүргөн биздин көптөгөн жарандарыбыз бул илдеттин кесепеттеринен улам **жумушун жоготуу коркунучу** астында турат.

Ушуга байланыштуу, Сиздерге оор абалда калган Кыргыз Республикасынын жарандарына ар тараптуу көмөк көрсөтүп, **миграциялык жеңилдиктерди** берүүнү суранам.

Өз кезегинде, Кыргызстан өзүнүн аймагында жардамга муктаж мүчө мамлекеттердин жарандарына **колдоо көрсөтүүгө даяр** экендигин билдирем.

**Урматтуу кесиптештер,**

Жогоруда белгиленген кыргыз тараптын сунуштары биздин ортобуздагы боордоштуктун духуна шайкеш келет жана Сиздер тараптан колдоо табат деп ишенем.

Уюмубуздун дараметин натыйжалуу пайдалансак, алдыда турган кыйынчылыктарды бирге басып өтүүгө бардык шарттар бар.

Азербайжандын уюмдагы төрагалыгы татаал кырдаалга туш келип олтурат.

Буюруса коронавирус көйгөйүнөн ийгиликтүү арылып, Азербайжандын төрагалыгы астында демилгеленген экономика, соода жана инвестиция багыттарындагы кызматташуубуз бекемделет деп үмүттөнөм.

Биздин өлкөлөрдүн кызматташтыгы натыйжалуу болуп, элдерибиздин жашоосун жакшыртат деп ишеним артам.

**Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!**